**Мугалимдин отулгон сабагына озунун анализ отчету.**

Мугалим: Жээналиева Айгул Шайлообековна.

7 б класс Англис тили

Сабактын темасы: **Кыялданган жумуш (Dream job)**

Сабактын максаты:

1) Кыялданган жумуш же кесиптин турлору боюнча маалымат алышат
2) Суйлоо жана божомолдоо жондомдорун онуктурушот
3) Кыялданган кесиптерин суйууго,сабакка болгон кызыгуусун арттырууга жана маданияттуу болууга тарбияланышат

Бул класстын суйлоо жондомдуулукторун онуктуруу жана кыялындагы жумуштар тууралуу маалымат беруу учун томондогудой милдеттерди койдум.

Сабакты балдарга мотивация беруу менен темага туура келе турган ыр угузуп, окуучулардын логикалык ой жугуртуусунун негизинде теманы ачып алуу.

Оюн ойнотуу менен кесиптердин маани манызын тушунуу(жуптук оюн аркылуу)

Текстти аудирования жасап угузуу, тексттен жаны создорду таап, которо билуусун ,ал создор катышкан суйломдорду окутуп котортуу.

Жаны создорду синонимдери менен айкалыштырын окуучулардын тез эстеп калуусуна комоктошуу.

Жыйынтоодо кыялындагы жумуштар менен коштолгон тексттерди топтук иш жургузуп,анын негизинде таплицаны туура толтура алышына оболго тузуу.

Сабактын жыйынтыгында отулгон теманы окуучулардын тушунгондугу тууралуу томонкудой жыйынтыктарды куттум:Кыялындагы жумуш жонундо ар тараптууу маалымат алууларын жана оздорунун суйлоо кебинде колдонуу менен суйлоп беруулорун.Бул окуучулардын суйлоо кебин остуруу жономдуулукторун онуктурууго багытталган сабак.

Сабактын планы томонку этаптардан турат:

1) Саламдашуу, мотивация
2) Уюштуруу иш чаралары
3) Уй тапшырмасын текшеруу.Окуучулардын билимин актуалдаштыруу
4) Сабактын темасы, максаты жана кутулуучу натыйжалар менентааныштыруу
5) Тема боюнча презентация
6) Оюндар,турдуу интерактивдуу ыкмаларды колдонуу менен конугуу иштоо
7) Бышыктоо, кайтарым байланыш
8) Рефлекция
9) Уй тапшырма
10) Окуучулардын билимдерин баалоо
11) Сабактын бутушу

Сабактын журушундо окуу китебин, суротторду жана заманбап билим беруу технологияларын (проектр,ноутбук).Турдуу методикалык ыкмаларды колдондум.

Сабактын максатына жетуу учун тема боюнча презентация, окуу китебиндеги конуугулорду оюн,логикалык ой жугуртуучу суроо-жооп, кыялындагы жумуш боюнча китептен сырткаркы кичине тексттер жана аларды суйлоо кебин остуруу учун таблица жана жаш озгочолукторуно туура келген суротторду тандап алдым.

Сабактын журушундо окуучулардын жеке. топтук, жамааттык иштери уюштурулду.Бул иштер сабактын журушундо натыйжалуу болду. Себеби бул ыкмалар биринчи жолу колдонулган жок.

Убакытты болуштуруу рационалдуу болду.Тема окуучуларга жеткилуктуу болгону алардын суйлоп беруусунон тастыкталды.Уй тапшырма берилди, ал окуучуларга кыйынчылык жаратпайт.

Жыйынтыгында откон сабагым максатына жетти деп ойлойм.